**УДК: 808.1:82-31 (575.2)**

# МЕНДИ МАМАЗАИРОВАНЫН ПОВЕСТЬ ЖАНРЫНДАГЫ КӨРКӨМ ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ ЖАНА АДАБИЙ ТАБЫЛГАЛАРЫ

**Осмонова Жазгүл Рысбаевна**
**0009-0008-7860-2876**
**Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек**
**Эл аралык Университети**
**bekzat200627@mail.**

Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары -Меңди Мамазаированын повесть жанрындагы көркөм-идеялык өзгөчөлүктөрү, поэтикалык ойду берүүдөгү предметүүлүк жана конкреттүүлүк маселелери каралды. Изилдөөнүн негизги максаты- Меңди Мамазаированын повесть жанрында көркөм изденүүлөрү жана мекен темасындагы ырларынын идеялык-көркөмдүк наркы, колдонгон көркөм каражаттарын кыргыз поэзиясынын контекстинде талдоо жана баалоо болуп эсептелинет.

Изилдөөлөрдө адабияттарды талдоо илимий усулдары колдонулду. Изилдөөнүн илимий баалуулугу-кыргыз жана дүйнөлүк адабият таануу илиминин жетишкендиктерине негизделип, акындын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, анын мекен темасындагы ырларынын идеялык-тематикалык, стилдик бөтөнчөлүктөрү, образдуулукту түзүү каражаттары улуттук адабият таанууда алгачкы жолу изилдөөгө алынып жатат. Изилдөөдө алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү – эмгектен алынган тыянактар, сунуштар кыргыз адабият таануусундагы улуттук поэзияны, анын ичинде Меңди Мамазаированын чыгармачылыгын окуп үйрөнүүдө, жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу-методикалык колдонмолорун жазууда пайдаланылат. Акындын мекен тууралуу чыгармаларын орто мектептерде, жогорку окуу жайларда окутуу мүмкүчүлүктөрү ачылат.

**Негизги сөздөр**: мекен темасы;повесть,сүрөткер,адеп-ахлак,үй-бүлө.конфликт,искусство

# ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ ПОИСКИ И ЛИТЕРАТУРНЫЕ НАХОДКИ В ПОВЕСТЯХ МЕНДИ МАМАЗАИРОВОЙ

**Осмонова Жазгүл Рысбаевна**
**Кыргызско-Узбекский международный университет имени Б. Сыдыкова**
**bekzat200627@mail.**

В данной работе предметом исследования являются художественно-идеологические особенности повестей Менди Мамазаировой, а также вопросы предметности и конкретности в передаче поэтической мысли.

Основная цель исследования – анализ и оценка художественных поисков Менди Мамазаировой в жанре повести, идейно-художественной ценности её стихов на тему Родины, а также используемых ею художественных средств в контексте кыргызской поэзии.

В исследовании применялись научные методы анализа литературных произведений. Научная ценность работы заключается в том, что она основывается на достижениях кыргызского и мирового литературоведения, впервые рассматривая творческую индивидуальность поэта, идейно-тематические и стилевые особенности её стихов о Родине, а также средства создания образности в национальном литературоведении.

Практическая значимость полученных результатов заключается в том, что сделанные выводы и рекомендации могут быть использованы при изучении национальной поэзии, в том числе творчества Менди Мамазаировой, в кыргызском литературоведении. Материалы исследования могут быть применены при составлении учебных программ и методических пособий для высших и средних учебных заведений. Открываются возможности для изучения произведений поэтессы о Родине в школах и вузах.

**Ключевые слова:** тема Родины, повесть, художник слова, нравственность, семья, конфликт, искусство.

# ARTISTIC EXPLORATIONS AND LITERARY DISCOVERIES IN THE NOVELLAS OF MENDI MAMAZAIROWA

**Osmonova Zhazgul Rysbaevna**
**Kyrgyz-Uzbek International**
**University named after B. Sydykov**
**bekzat200627@mail.**

This study examines the artistic and ideological features of Mendi Mamazairowa’s novellas, as well as the issues of specificity and concreteness in conveying poetic thought.
The main goal of the research is to analyze and evaluate Mendi Mamazairowa’s artistic explorations in the novella genre, the ideological and artistic value of her poems on the theme of the homeland, and the literary devices she employs within the context of Kyrgyz poetry.
Scientific methods of literary analysis were used in the study. The scientific significance of the research lies in its foundation on the achievements of both Kyrgyz and global literary studies. It is the first to explore the poet’s creative individuality, the ideological-thematic and stylistic features of her poems about the homeland, and the means of creating imagery in national literary studies

The practical significance of the findings is that the conclusions and recommendations can be applied in the study of national poetry, including Mendi Mamazairowa’s work, in Kyrgyz literary studies. The research materials can be used in the development of curricula and methodological guides for higher and secondary educational institutions. This opens up opportunities for studying the poet’s works about the homeland in schools and universities.
**Keywords:** homeland theme, novella, word artist, morality, family, conflict, art.

Белгилүү кара сөз чебери Менди Мамазаирова повесть жанрына кайрылып, “Жаңгак гүлү”, “Бахустун ак көйнөгү”, “Кеч күз”, “Туулуп өскөн үй” аттуу чыгармаларды жазып, жанрдын мазмун-формалык табиятын байытканга да салым кошту. Залкар окумуштуу К. Асаналиев адилет белгилегендей: “жаңы форманы, жаңы жанрды өздөштүрүү анын механически көчүрүп келүү эмес. Жаңы форманы, жаңы жанрды өздөштүрүү деген сөз, аны улуттук адабияттын салттарына баш ийдирүү деген сөз. Ал эми улуттук адабияттын салттарына жаңы форманы баш ийдирүү үчүн ага [4, 195], -десе И. К. Кузьмичев: “жанр-көркөм чыгарманын кийген кийими, форма менен мазмундун биримдиги” [17, 128],- дейт. Жанр “жети атасын” унутпаган “эстетикалык чындык тапкан формула (Ю. В. Стенник) болгон соң, повестке коюлуучу көркөм-эстетикалык критерийлерге сүрөткерлер “чыгармачылык менен мамиле кылуу” зарылдыгы туулат.

Ушул мааниде калемгер Менди Мамазаирова повесть жанрында да изденип, анын идеялык-тематикалык негизин, сюжеттик-композициялык курулушун, образдарын, мезгил мейкиндик алкагын, мүнөз түзүүнү, көркөм сөз менен иштөө чеберчилигин мыкты өздөштүргөн. Повесттери тематикалык жактан бай жана ар түрдүү: адам, коом, мезгил, согуш жана тынчтык, сүйүү, үй-бүлө, жаратылышты коргоо, адеп-ахлак, улуттук баалуулуктар маселелери орун алган. Белгилүү жазуучу Меңди Мамазаирова “Жаңгак гүлү” повесттинде адам тагдыры, үй-бүлө, адеп- ахлак проблемасын козгогон. Чыгарманын сюжеттик өзөктүк борборунда эне-атасынан жетим калган Айтурган аттуу каармандын адамдарга, келечекке мамилеси адеп-ыймандык изденүүсү жөнүндө сөз болот. Автордун сүрөттөөсүндө Айтурган ата-энесинен эрте ажырап балалыгы оор өтөт, карыган камкор энеси да көз жуумп, таежесинин бир топ жашка барып калган, үйлөнүп ажырашкан, саламаттыкты сактоо мекемесинде министр болуп иштеген Карабалаев аттуу кишиге башын байлап коет. Жаш келиндин Карабалаев менен болгон мамилеси татаалдап, анын мансапкор, эки жүздүүлүгүнөн күн сайын көңүлү калып айласы кетет. Бийлигине чиренип, тегерегинде чимирилип, жүгүнүп жүргөн кошоматчы адамдарга маашырланып, үйү толгон дүнүйөсүнө мактанат. Аялын төрөбөйсүң, мындай турмушту кайра жаралсаң да көрбөйсүң, байкушсуң, мен бар экен кадырлуу, бай адамдарга кошулуп жүрөсүң деп келекелейт.

Албетте, турмуш карама-каршылыксыз алга жылбаган сыяктуу көркөм чыгарманын сюжети да конфликсиз өнүкпөй тургандыгы белгилүү. Ошондуктан белгилүү адабиятчы В. Бубнис айткандай: "Курч конфликтсиз, катышып жаткан каармандардын татаал мүнөздөрсүз адабий чыгарма үстүрт, иллюстративдүү болуп калат" [9, 1]. Эгерде чыгармада жандуу курч конфликт болбосо, автордун чыгармасындагы идеялык максат толук ишке ашпай калышы мүмкүн. Андыктан курч конфликт каармандардын мүнөз-тагдырын терең ачууда, сюжеттин кыймылдуу өнүгүшүнө шарт түзүп турат.

Маселен, окумуштуу Е. Горбунова: "конфликт- чыгармадагы жалпы идеялардын ачылышы, чыгарманын идеялык-эстетикалык негизи, сүрөткердин чындыкка болгон мамилесин, анын концепциясын көрсөтүүчү каражат" [11, 43],- экендигин белгилейт. Чыгарма турмуштук, коомдук-социалдык, нравалык конфликтердин негизинде келип чыгары белгилүү, бирок аны ошол кофликтин түздөн-түз көчүрмөсү катары кароого болбойт. Сүрөткер тандап алган идеялык - темасына байланыштуу аны ар түрдүү сюжеттин, ар түрдүү турмуштук көрүнүштөр аркылуу ачышы мүмкүн. Ошондуктан чыгармада сюжет жаратууда да жазуучунун чеберчилиги маанилүү роль ойнойт. Алсак, конфликт аркылуу мүнөз түзүүдө жазуучу ар түрдүү көркөм ыкмаларды колдонот. Бул үзүндүнү окуп көрөлү:

- Мындай жыргалды жети атаңдын бири көрдү бекен? Түшүңөргө да кирбегендир мындай жашоо. Ха-ха...
- Мага эчтекенин кереги жок.
- Билем сага эмне керек экенин.

Тынч жашоо.

- А тынчыңды ким алып атат? Кайсыл үй толтура тууп салган балдарыңды бага албай чарчап жатасың?
- Кудай бербеген баланы кайдан алам? Колдон келбейт экен, урматтуу медицина илиминин доктору. Аны өзүңүз жакшы билесиз. Карабалаевдин көздөрү боз адырлардан чуркап чыга калчу өңү суук кескелдириктин көзүндөй чекирейип кетти. Нурсуз кош карек түбү жок коого айланып, тир укмуш муздак илеп Айтургандын өнө боюн калтырата жаба берди. Ар бир жолу Карабалаевдин каары келгендеги өзгөрүп кетме көзүнө таң калганын койбой келет, жүрөгү ар жолу "шуу" деп үшүгөнүн туюп келет Айтурган" [19, 73].

Повесттеги каармандардын диалогунда алардын ички жан дүйнөсүнүн бурганагын чагылдырып, ар бирининн жашоого болгон көз карашын, психологиясын, нравалык кешпирин турмуш чындыгына негиздеп көрсөткөн. Көрүнүп тургандай, жаш сүрөтчү келиндин министр күйөөсү менен күндөн -күнгө мамилеси оордоп баратканын жана автор Карабалаевдин кубулма мүнөзүн таасын тартып берген. Маселен, үйүнө аттуу баштуу адамдарды конокко чакырганда Карабалаев Айтургандын сулуулугун, жаштыгын, сүрөтчүлүк таланты бар экендигин көкөлөтүп мактап жан алы калбайт. Кадырлуу меймандар келгенде бриллианттарынды тагынып, эң кымбат көйнөктөрүңдү кийип, куурчактай болуп тосуп ал, министрдин аялына баары суктангандай болуш керек деген талаптарын коет. Айтурган анчалык жасалмалуулуктун кереги барбы, анда конокту ким тосот деп айтканда кол көтөрүп да жиберет. Менин ар бир сөзүм сен үчүн мыйзам болуш керек дейт. Коноктор үйдөн кеткенде Айтургандын кактабай канын сорот, кордойт, кемсинтип тилдейт. Деги эле анын жасалма кулк-мүнөзүнө таң калат.

Албетте, турмуштук карама-каршылыктар адамдардын аракеттери жана жашоого болгон ишеничтери менен да тыгыз байланышта. Биринчиден, адам таануу болгондуктан, алардын турмуштук-таануутуучулук аспектиси баш ийүүчүлүк мааниге ээ.

Экинчиден, турмуштук конфликт адамдардын тобу үчүн гана эмес, жалпы адамдардын кызыкчылыгына барып такалат. Көркөм конфликттин ушундай өзгөчөлүгү тууралуу И. Бехер: "нукура конфликт эч убакта жеке мүнөздү алып жүрө албайт, - ал бизди жекеликтен өйдө көтөрөт жана конфликтти баштан өткөрүү процессинде тарап личность боло баштагандыгы менен мүнөздөлөт" [10, 260],-дейт. Маанилүү идеялык- мазмундук негиз көркөм конфликтин жаралышына өбөлгө болчу көрүнүштөрдөн.

“Жаңгак гүлү” повесттинде турмуштук нрава-психологиялык конфликт курч коюлган. Чыгармада сүрөттөлгөндөй Карабалаев жеткен жемкор, ач көз, адал мээнет менен иштебейт. Окуп көрөлү: “Айтурган иштин так маңызын билбесе да, күйөөсүнүн дагы кезектеги бир арам ишке кириптер болгонун, эми минтип айласы алты түгөнүп турганын туйду. “Бу качан токтотот ыя? Жөн оокат кылуу деген болобу деги бизде? Ой, кудай ай! Баскан-турганы табышмак сууну күлгө, күлдү ашка сапырып жүргөнү жүргөн.

Ал бир караган кишиге адамгерчиликтүү, бирөөнүн ишине жанын берген жароокер, эл муну ушунусу менен жакшы көрөт. Ким келбесин алдына, ажатын ачып колдон келгенин аябайт. Ошонусу үчүн жолдоштору андан кол үзгүлөрү келбей алдында бүжүңдөп турушат. Ох, жандими. Бул кишиде канча адам жашайт деги? Адамдын ичинде адам жашаганы кандай шумдук. Баары бир мындай жийиркенгеним кетпей койду” [19, 74].

Чыгармада Карбалаевге антипод катары Айтурган менен Амантур турат. Айтурган менен Амантур жан дүйнөсү таза, сезимтал, ак ниет искусствонун адамдары. Алар адамдык сезимдердин тунуктугу менен тазалыгын, абийир менен ыймандын бийиктигин жогору коет. Ошондуктан Карбалаевдин образы аркылуу коомдогу адам, бийлик маселесин нравалык, социалдык-психологиялык аспекте ачып берүүгө аракеттенген. Коом өзгөрүлүп, гүлдөгөн сайын, техника өркөндөгөн сайын адамдар нравалык кризиске капталып, материалдык дүйнө адыңкы орунга чыгып, ишенбестик, каразгөйлүк, кайдыгерлик күчөп баратканы Карбалаевдин образы аркылуу таамай берилген. Ал түгүл, үй-бүлөлүк баалуулук да көр дүйнө менен өлчөнүп, бири-бирин сыйлоо, түшүнүп мамиле жасоо деген түшүнүктөрдү да дал ушундай эки жүздүү адамдар талкалап жатат. Чыгармада министр Карбалаевдин жеткен жемкор, мамлекетти талап-тоногон, элдин канын ичкен атка минер каарман катары жийиркенич туудурат. Автор Карбалаедин терс кылык-жоруктарын, эки жүздүүлүгүн аныктамалар менен туюнтпастан, ар бирин өзүн өзүн ачуу, жасаган иштери, мамилелери, башка каармандардын берген мүнөздөмөсү аркылуу жетишет. Автор турмуштук көрүнүштөрдү баарын эле тизмектеп баяндап олтурбастан негизги мүнөздү ача турган, адамдын турпатын даана берүүчү окуяларды тандап алган.

Меңди Мамазаированын “Жаңгак гүлү” повесттиндеги сюжеттик линияда Айтурган чечкиндүү кадам жасап, залим күйөөсү Карабалаевдан кол үзүп, өзүнө жашташ сүрөтчү Амантур менен кетип калышы болду. Көрүнүп тургандай, өздөрүнүнүн айланасындагы жогорку чөйрөдөгүлөр ызы-чуу түшүп калышты. “Кокуй күн! Карабалаевдин жаш аялы чанып өзүнө окшогон сүрөтчүнү ээрчип кетиптир” деп бири айтса, экинчиси башка түргө боеп: “Өзү кетпей калсын ошо... Карабалаев жаш кургурдун канын соруп бүттү да. Чыдабады да анын залимдигине” дешип, ар ким өз билгенин божомолдоп ар кайсынын башын оорутуп атышты” [19, 79].

Чыгармада Айтурган менен Амантурдун сезимтал жан дүйнөлөрү, бири-бирине болгон таза махабаттары, чыгармачылык кыялдануулары романтикалуу боектор менен берилет. Экөө тең келечектүү сүрөтчүлөр. Айрыкча Айтурган көп таланттын ээси, арген үндүү ырчы, колунан көөрү төгүлгөн чебер, анан да “Жаңы толкун” сүрөт көргөзмөсүнө коюла турган “Таштанды бала”, “Эне мээрими” аттуу эмгектери келекчектен көптү үмүттөндүрөт. Бүгүнкү чалкеш, татаал замандын актуалдуу темасын тарткан. Канча наристелерди энелер таштандыга ыргытып, туулбай жатып чөктүрүп жатат. “Эне мээрими” кайда чөгүп кетти? Кыргыз энелеринин чексиз мээрими, даанышмандыгы, баатырдыгы, кылымдар бою легендага айланып келбеди беле? Бүгүнкү жаштар кайсы туңгуюк жолго түшүп алды? Сүрөтчү Айтурган аялзаадалык табит-татымын, өнөргө болгон куштарлыгын ушул картиналары менен сынап көргүсү келди. Ал түгүл, бул картина таланттуу сүрөтчү, сүйгөн жигити Амантурга да жагып жогору баасын берип жатпайбы.

Албетте, повесте Айтургандын образын толуктап турган каарман Амантур. Анын тагдыры трагедиялуу. Атасы “Карасуунун башындагы айылдагы сулуу келиндин койнунан чыга албай жүргөн атасы Алтынбектин” кесепети үй-бүлөнүн тагдырын талкалайт. Чыгармада апасы Зейненин талгагына байланыштуу бир эпизод абдан күчтүү жазылган. Зейне күйөөсүнө канча жолу дарыянын “кызыл темгилдүү балыгына талгак” болгонун айтып, кан какшаса да укпайт,

ошондо талгактын азабынан өңдөн азган бул жарыкчылыкта тукум улайын, адам баласынын өмүрүн улайын деп “кызыл темгил балыкка” тамакайы так болуп, күргүчтөгөн сууга тартынбай кирген аялды тагдыры жүрөктү титиретет. “Зайна тоо башындагы мөңгүдөн эрип толкуп агып чыгып, айбаттуу күрпүлдөгөн бетсиз, жакшылыгы жок жоо сымал агым менен кошо агып ар жерден бир кылактап кете берди. Зайнанын жансыз денесине атаандаша эбак башынан шыпырылып түшүп калган апакай жоолугу андан да шашып адырандап алдыда кетип баратты... ” [19, 115].

Чыгармада сүрөттөлгөндөй, тагдыр-таржымалы оор Амантур менен Айтургандын бири-бирине болгон аруу, таза сүйүүсүн жазуучу ар түрдүү көркөм ыкмалар менен мыкты ачып берген. Автор экөөнүн жан толкунун оттой алоолонтуп, жылуу сезимге боеп жеткизген. Каармандын кулк-мүнөзүн, бири-бирине болгон сезимтал мамилесин табият кубулуштары менен катар коюп, ошого ылайык боекторду коюланта сүртүп берет. Ошондуктан алардын бир келген арзуу махабаты жаратылыштын ажайып көрүнүшү менен паралелелль сүрөттөлүп, таасирдүү берилген. Ал табият көрүнүшүн жандандыруу менен жаңы идеялык маани берип гана чектелген жок, ал аны адамдын ички дүйнөсү менен психологиялык процесстерин көркөм аңдап-билүүнүн кубаттуу куралына айландыра алган. Чындыгында табият көрүнүштөрүнүн ар түрдүү мезгилин экөөнүн тунук махабаттын берүүдө абдан кылдат, чеберчилик менен пайдаланган. “Жаңгак гүлү” - символдук мааниге ээ. Айтурган жаңгакты абдан жакшы көрчү, анын гүлдөгөн мезгилин абдан күтчү. “Жаңгак гүлү” – Айтурган менен Амантурдун бири-бирин күтүп, аз да болсо баш кошуп, бирок кыйылган өмүрлөрүнүн көркөм туюндурулушу. “Жаңгак гүлү” эки жаштын трагедиялуу тагдырынын маани-мазмунун кеңейтип, ага кошумча белги, касиет берип турат.

Ошентип, чыгарманын финалы да трагедиялуу аяктайт. Министр Карабалаев Айтургандын сүрөтчү жигитке кетип калышына эч келише албай канкордугу кармап турду. Үчөө бетме-бет келишет. Текстти окуп көрөлү: “Сен коркпогунуң, сага катуу толкунданууга жарабайт, жаным. - Амантур дирилдеп кетти. Ичиңдеги балаңа зыяны тиет.

Мунун баары жакын эле турган Карабалаевдин кулагына так жетти. “Менден төрөбөгөн сойкунун боюнда бар экен да али. Боюнда болсо... Булар эбактан бери жолугушуп жүргөнү ырас. Демек, балалуу болушуп, жыргал турмуш сүрмөк болушкан экен. А мен... Карабалаев калың кыргызга маскара болуп, аялына чандырган шүмшүк болуп кала берет экемин да! Жок! Карабалаев анчалык арсыз эмес, эркекче сүйлөшүп коюш колдон келет али! Чаңырган Карабалаев машинадан секирип түштү да ай-буйга келе электе берки экөөнүн машинасына чуркап келгенин, анан “тарс” деген ок чыгарып жибергенин карап туруп эле эч ким, эч нерсеге үлгүргөн жок. Анын баары ушунчалык тез болуп кеткендиктен эч ким эч нерсе байкабай да калды. Ок жеген аюудай бакырган Карабалаев кайра артына тез кайтып кара “Волганы” кучактай калды” [19, 124].

Чыгарманын финалында Карабалаевдин огунан Амантур менен Айтурган жана төрөлө элек наристе набыт болот. Ушул жерден даанышман жазуучу Ч. Айтматовдун трагедиянын мааниси, наркы тууралуу залкар сөзү эске түшөт: “Трагедия - чындыктын обьективдүү категориясы, аны этибар албоо же тоотпой коюу жарабайт. Трагедия - бул бакыт, аң-сезим, чыгармачылык сыяктуу эле адам менен түбөлүк болчу нерсе. Бул анын тиричилигинин бир бөлүгү. Трагедия жанры бизге жат эмес. Көркөм сөзүбүздө, көркөм оюбузда тээ атам заманыбыздан бери тарыхта жашап келе жаткан нерсе. Ар дайым “Манас” эпосубузда мындай проблемалар бар деп түшүндүрүүгө аракеттенем. Ошондой эле өзүмдүн чыгармачылыгымда дагы бул нерселерден качпайм. Тескерисинче, трагедия жанры аркылуу турмуштун көп кырдуулугун, азыркы заманыбыздын татаал жана бийик жактарын ачып берүүгө аракеттенем” [1, 23].

**Жыйынтыктар:**

“Жаңгак гүлү” повесттинин сюжеттинде карама-каршылык, драматизм менен трагедия күчтүү. Министр Карабалаев адамдык асыл касиеттерден куру жалак калган, баарын материалдык байлык менен өлчөгөн, сезими сокур манкурт. Айтурган сүйбөгөн адамынан оолактап, бактысын Амантурдай таза, таланттуу, ак ниет адамдан издеп тапкысы келди. Тилекке каршы, эки жаш Карабалаевдей канкордун колунан жакшылык келбесин жакшы

түшүнгөн, бирок бир келген сүйүүсүнөн баш тарта алышпады. Жазуучу повесттинде нравалык проблемаларды козгогондо сөзсүз адам сезимдери менен конфликттердин болуп өтүшүн шарттай турган адам турмушунун көп кырдуулугун, татаалдыгын жаземдебей реалдуу, жандуу ачып берген.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Мамазаирова, М. Тур, Улуу журт! Ырлар, поэмалар [Текст] / М.Мамазаирова.- Б.: -Турар, 2010.-15б.
2. Мамазаирова, М. Тандамалар: Романдар [Текст] / М.Мамазаирова.- Б.: -Турар. 2013.-18б.
3. Артыкбаев, К. Чыгармалар жана ойлор [Текст] /К.Артыкбаев.- Ф.:Кыргызстан,1974.б.
4. Сарыков С.Т.Т. Адышеванын поэзиясынын философиялуулугу Наука. Образование. Техника, №3,2020-50б.
5. Исакова, С. Т. Кыргыз адабиятын окутууда дидактикалык принциптерин колдонууда кеп ишмерд үүлүгүн калыптандыруунун жолдору / С. Т. Исакова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – No. 1(23). – P. 113-119. – EDN FUEQWX.
6. Наркеева, А. А. Кыргыз адабияты сабагында «Сыдык акын жана өмүр» деген темада класстан тышкаркы иштерди уюштуруу / А. А. Наркеева // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – No. 2-1(24). – P. 75-83. – DOI 10.56122/..v1i2.185. – EDN UMOQQT.